DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-61-249-258
УДК: 811.512.154

***Абдыкеримова А. Э.**, филол. илимд. докт.*
*aaida1973@mail.ru*
*ORCID: 0009-0005-3680-8348*
***Рыскелди кызы А.**, магистрант*
*aigerimyryskeldikyzy@gmail.com*
*ORCID: 0009-0000-8714-9454*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

## КЫРГЫЗ АДАБИЙ ТИЛИНИН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ МАСЕЛЕСИ АКАДЕМИК С. Ж. МУСАЕВДИН ИЗИЛДӨӨСҮНДӨ

*Макала кыргыз адабий тилинин жаралышы жана өнүгүшү маселеси белгилүү кыргыз тилчи-окумуштуу, академик С. Ж. Мусаевдин изилдөөсүндө кандай өңүттө каралганын кыскача талдоого арналган. Көптөгөн жылдар бою кыргыз адабий тили Октябрь революциясынан кийин гана, жазуу-сызуунун, басма ишинин жаралышынын таасири менен пайда болгон жана өнүккөн деген пикир үстөмдүк кылып келгени белгилүү. Мындай пикирдин орун алышында, бир жагынан, жалпы эле адабий тил маселесинин генезисин, тарыхын терең түшүнбөгөндүк, экинчиден, башка тилдердин материалдарынын негизинде чыгарылган теорияларды, жоболорду кыргыз тилине механикалык түрдө колдоно салуу, үчүнчүдөн, адабий тил жазма формада гана болот жана болууга тийиш деген чектелген көз караш, төртүнчүдөн, учурундагы идеологиялык талап-көрсөтмөлөр өз ролун ойнобой койгон эмес. С. Ж. Мусаев бул маселени системдүү иликтеп-талдоого алуу менен, кыргыз тили канчалаган доорлордон бери эле тилдик каражаттарды тандоо-иргөө принцибинин негизинде иштетилген, өркүндөтүлгөн, табигый нормага салынган, поливаленттик, полифункционалдуу, полисемантикалык мүнөздөгү оозеки адабий тил подсистемасына ээ болуп келгендигин далилдеп берген.*

***Түйүндүү сөздөр**: адабий тил, кыргыз тили, жалпы элдик тил, улуттук тил, оозеки форма, жазуу формасы, наддиалектилик форма, нормалаштыруу, кодификация, иштетилген тил.*

***Абдыкеримова А. Э.**, докт. филол. наук*
*aaida1973@mail.ru*
*ORCID: 0009-0005-3680-8348*
***Рыскелди кызы А.**, магистрант*
*aigerimyryskeldikyzy@gmail.com*
*ORCID: 0009-0000-8714-9454*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

## ПРОБЛЕМА ВОЗНИКНОВЕНИЯ КЫРГЫЗСКОГО ЛИТЕРАТУРНОГО ЯЗЫКА В ИССЛЕДОВАНИИ АКАДЕМИКА С. Ж. МУСАЕВА

*Статья посвящена краткому анализу вопроса возникновения и развития кыргызского литературного языка в исследовании известного кыргызского ученого-языковеда, академика С. Ж. Мусаева. Известно, что на протяжении многих лет господствовало мнение, что кыргызский литературный язык возник и развивался только после Октябрьской революции, под влиянием создания письменности, печатного дела. При этом, во-первых, глубокое непонимание генезиса, истории проблемы литературного языка в целом, во-вторых, механическое применение теорий, положений, созданных на материалах других языков к*

*кыргызскому языку, в-третьих, ограниченное мнение о том, что литературный язык должен существовать и существует только в письменной форме, в-четвертых, существующие в те времена идеологические требования сыграли свою роль. Систематическим исследованием и анализом данного вопроса С. Ж. Мусаев доказал, что общенародный кыргызский язык на протяжении многих веков имел развитую, естественно нормированную, поливалентную, полифункциональную, полисемантическую подсистему устного литературного языка, обработанную на основе принципа отбора языковых средств.*

***Ключевые слова***: *литературный язык, кыргызский язык, общенародный язык, национальный язык, устная форма, письменная форма, наддиалектная форма, нормализация, кодификация, обработанный язык.*

***Abdykerimova A. E.**, doct of Philology*
*aaida1973@mail.ru*
*ORCID: 0009-0005-3680-8348*
***Ryskeldi kyzy A.**, master's student*
*aigerimyryskeldikyzy@gmail.com*
*ORCID: 0009-0000-8714-9454*
*K. Tynystanov Issyk Kul state university*
*Karakol, Kyrgyzstan*

## THE PROBLEM OF THE EMERGENCE OF THE KYRGYZ LITERARY LANGUAGE IN THE STUDY OF ACADEMICIAN S. ZH. MUSAEV

*The article is devoted to a brief analysis of the issue of the emergence and development of the Kyrgyz literary language in the study of the famous Kyrgyz linguist, academician S. Zh. Musaev. It is known that for many years the prevailing opinion was that the Kyrgyz literary language arose and developed only after the October Revolution, under the influence of the creation of writing and printing. At the same time, firstly, there is a deep misunderstanding of the genesis and history of the problem of the literary language as a whole, secondly, the mechanical application of theories and provisions based on materials from other languages to the Kyrgyz language, thirdly, there is a limited opinion that the literary language should exist and exists only in written form, fourth, the ideological demands that existed at that time played a role. Systematic research and analysis of this issue by S. J. Musaev proved that the national Kyrgyz language for many centuries had a developed, naturally normalized, polyvalent, multifunctional, polysemantic subsystem of the oral literary language, processed on the basis of the principle of selection of linguistic means.*

***Keywords:*** *literary language, Kyrgyz language, national language, national language, oral form, written form, supra-dialect form, normalization, codification, processed language.*

Тил илиминдеги концептуалдык өзөктүү түшүнүктөрдүн бири болуп адабий тил түшүнүгү эсептелери белгилүү. Кыргыз тил илиминде болсо азыркы кыргыз адабий тили жөнүндөгү маселе актуалдуу маселелердин сап башында турат. Адабий тил түшүнүгүнө кыргыз лингвистикасында академик Б. М. Юнусалиев баштаган көптөгөн окумуштуулар, изилдөөчүлөр тигил же бул аспектиде, багытта кайрылып келе жатышканы менен, анын маани-маңызы, башка «тилдер» же тилдик подсистемалар менен болгон карым-катышы, тарыхы, башкача айтканда, жаралышы жана өнүгүшү, теориялык проблемалары тууралуу маселелер кеңири өңүттө, системалуу түрдө иликтеп-изилдөөгө алына электиги белгилүү. Азыркы кыргыз тил илиминин көрүнүктүү өкүлү, академик С. Ж. Мусаев да мына ушул жагдайга көңүл буруп, кыргыз адабий тилинин пайда болуу жана өнүгүү тарыхына, полифункционалдуу жана поливаленттүү сапатына, жалпы элдик (улуттук) кыргыз тили менен карым-катышына, кыргыз адабий тилинин оозеки жана жазма формаларынын эволюциясына, жазууга, нормага, орфография жана орфоэпияга, нормалаштыруу жана кодификациялоого, терминологияга ж. б. байланышкан айрым принципиалдуу маселелерди кароого алган.

Аталган проблемалар окумуштуунун ар кыл илимий басылмаларда жарык көргөн макалаларында, “Кыргыз тил илиминин маселелери – Вопросы кыргызского языкознания” (Бишкек, 2010), “Ар жылдардагы ойлор” (Бишкек, 2010), “Кыргыз тил илиминин айрым маселелери” (Бишкек, 2017), “Азыркы кыргыз тили: графика, орфография” (Бишкек, 2019) монографиялык эмгектеринде жана «Кыргыз адабий тили: улуттук доорго чейин жана улуттук доор мезгилинде» (Бишкек, 2020; авторлош), бул эмгекке кошумча, толуктоо, кеңейтүүлөр киргизилген «Кыргыз адабий тили: улуттук доорго чейин жана улуттук доордо» (Бишкек, 2022; авторлош) монографиялык изилдөөлөрүндө орун алган. Биз бул макалада, негизинен, аталган монографиялык изилдөөгө (Мусаев С.Ж., Мусаева Т.С. Кыргыз адабий тили: улуттук доорго чейин жана улуттук доордо. - Бишкек, 2022) кайрылууну туура көрдүк, анткени буга чейин фрагментардуу түрдө берилген көз караш-пикирлер, идеялар толукталып, кошумчаланып, кеңейтилип бул монографиялык эмгекте системдүү түрдө берилген.

Жалпыга маалым постулат боюнча, тил – коммуникациянын, башкача айтканда, пикир алышуунун, ой-пикирди туюндуруунун эң негизги куралы жана каражаты. Бирок тилдин маани-маңызы анын коммуникативдик функциясы менен эле чектелбейт. Тил – улуттук аң-сезимди, улуттук акыл-эсти, улуттук ой жүгүртүүнү, улуттук дүйнөтаанымды жаратуучу жана калыптандыруучу, улуттук эстутумду сактоочу зор күч. Дүйнөлүк тил илиминин тарыхындагы эң көрүнүктүү окумуштуулардын бири Вильгельм фон Гумбольдттун элдин тили – анын руху, духу экендиги, ал эми элдин руху, духу анын тилинде экендиги, булардан тыгыз жуурулушкан эч нерсе жоктугу тууралуу идеясы бекеринен жаралбаса, лингвистика илиминде негизги идея-постулаттардын бири катары орун таппаса керек. Академик С. Ж. Мусаев да тилди элдик духтун, рухтун негизи катары эсептеп, тил аркылуу дүйнөнү кабылдап, анын улуттук образы жараларын белгилейт [Мусаев, 2022: 5].

Көпчүлүккө белгилүү аныктамага таянсак, адабий тил катары каалагандай тилдин иштелип чыккан формасы, улуттук тилдин бир кыйла өнүккөн жана аң-сезимдүү түрдө колдонулган, адамдардын ортосундагы пикир алышуунун бардык коммуникативдик жана социалдык жактан мааниге ээ болгон кырдаалдарын тейлеген түрү катары каралып жүрөт. С.Ж. Мусаев бул аныктаманы кыргыз адабий тилине карата төмөнкүчө толуктап берген: улуттук доордогу кыргыз адабий тили – XV кылымдарда негизделе баштаган жалпы элдик кыргыз тилинин, кыргыз оозеки адабий тилинин түздөн-түз уландысы, болгондо да иштетилген, өркүндөтүлгөн, туруктуу нормалаштырылган, нормасы кодификацияланган, стилдик жактан кеңири жиктелген, кыргыз улуту үчүн милдеттүү колдонулган, оозеки, жазуу формасы катар өнүккөн полифункционалдык, поливаленттик улуттук тил [Мусаев, 2022: 5]. Ошону менен бирге эле, азыркы кыргыз улуттук адабий тилинин (кыргыз тилинин эмес) жаралышын жалпы элдик кыргыз тили менен байланыштырып, азыркы кыргыз адабий тили жалпы элдик кыргыз тилинин негизинде алгач оозеки адабий тил катары жаралганын негиздөө аракети орун алат. Ал эми улуттук жазуунун жаралышы кыргыз адабий тилинин жазма формасынын өнүгүшүн шарттаган фактор экени адилет белгиленген.

Негизинен, кайсы болбосун лингвистикалык терминдин мааниси жана «тагдыры» анын жүйөлөнгөндүгүнөн, ал термин туюндурган жана кызмат кылган түшүнүктүк алкактын структурасынан, ошондой эле идеологиялык максат-мүдөөлөр менен байланышкан экстралингвистикалык факторлордон көз каранды болот. Кеп болуп жаткан «адабий тил» терминин алсак, тилге карата «адабий» деген аныктагычтын колдонулушу тарыхый жактан төмөнкү жагдай менен түшүндүрүлүп жүргөнү маалым: адегенде адабий тил деп көркөм адабиятты жаратууда колдонулган тилди аташкан, ал күнүмдүк тиричиликте, оозеки сүйлөшүүдө, түрдүү социалдык катмарлардын,

кесиптердин ж.б.у.с. өкүлдөрүнүн пикир алышуусунда ж. б. колдонулган тилден айырмаланган. Бул көпчүлүк адабий тилдерге мүнөздүү көрүнүш экени белгилүү: тарыхый жактан алардын (адабий тилдердин) басымдуу бөлүгүнүн негизин поэзиянын, көркөм прозанын, элдик эпостун жана диний адабияттардын тили түзгөн. Убакыттын өтүшү менен адабий тил термининин мазмуну кескин түрдө өзгөргөн: адабий тил деп улуттук тилдин көпчүлүк социалдык чөйрөлөрдө – илимде, билим берүүдө, дипломатияда, юриспруденцияда, адамдар жана мекеме-уюмдар ортосундагы иштиктүү мамилелерде, маданияттуу адамдардын ортосундагы күндөлүк пикир алышууда коммуникацияга жарактуу түрүн атай башташкан. Көркөм адабияттын тили болсо – өзгөчө көрүнүш, анын негизин адабий тил түзгөнү менен, анда улуттук тилдин башка подсистемаларынын – оозеки сүйлөшүү тилинин, аймактык диалектилер менен говорлордун, интердиалектилердин же койнэнин, социалдык жана кесиптик жаргондордун ж. б. элементтери да кеңири колдонулары белгилүү.

Адабий тил жалпы элдик «чийки» тилдин сөз чеберлери, акындар, сөз устаттары, чечендер тарабынан «иштетилген» жогорку формасы катары «адабият» менен тыгыз байланышта, демек, сөзсүз түрдө, элдик оозеки чыгармачылык, фольклор, эпикалык поэзия, чечендик өнөр менен түздөн-түз карым-катышта аныкталышы шарт экени түшүнүктүү. Баса белгилеп коюучу нерсе: «адабий тил» жана «(көркөм) адабияттын тили» − бир түшүнүк эмес. «Адабий тил» дегенде, лингвистикадан алыс көпчүлүк адамдарда «адабияттын тили» деген чектелген көз караш пайда болорун, алар адабий тилди сөздүн кеңири маанисиндеги маданияттын (коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүнүн, бийликтин бардык бутактарынын, илимдин, билим берүүнүн, публицистиканын, көркөм адабияттын, теленин, радионун, театрдын, ММКнын ж.б.) тили катары кабылдашпай турганын жокко чыгара албайбыз.

«Адабий тил» жана «адабияттын тили» түшүнүктөрүн айырмалоо үчүн «адабий тилди» айрым учурларда «стандарт» же «стандарттуу тил» деп атап жүрүшөт. Алсак, англис тилдүү лингвистикалык традицияда стандарттуу тил (standard language) түшүнүгү колдонулат. Ал эми орус лингвистикалык традициясында, анын таасири астында жана ага тыгыз байланышта өнүккөн кыргыз лингвистикасында мындай термин орун тапкан эмес, болжолу, «стандарт» сөзүндө камтылган терс баа берүүчүлүк маани роль ойногон болуш керек. Бирок акыркы убактарда россиялык айрым лингвисттерде «адабий тил» түшүнүгүн колдонуудан качуу тенденциясы орун алганын, ал азыркы орус тилинин теориясын кайра кароого багыт алуу жана бул термин туюндурган мазмундан баш тартуу менен байланыштуу экенин белгилей кетүү ашыкча болбойт. Арийне, бул маселе – азыркы орус лингвистикасындагы гана талаш маселелердин бири жана кыргыз адабий тили үчүн принципиалдуу мааниге ээ эмес деп ойлойбуз.

Деги эле «адабий тил» деген терминдик түшүнүктүн маани-маңызын, табиятын, ал атаган объектинин көлөмүн аныктоодо, чечмелөөдө тил илиминде ар түрдүү пикирлер орун алып келе жатканы белгилүү. Эмгекте мындай пикирлер, көз караштар талдоого алынуу менен, мазмуну жана багытына жараша бир нече топко бөлүп каралган [Мусаев, 2022: 64-65]. Мындай көп түрдүү түшүндүрүү адабий тил түшүнүгүнүн жалпы табиятынын татаалдыгы, объективдүү жана изилдөөчүлөргө мүнөздүү айрым субъективдүү жагдайлар менен шартталары түшүнүктүү. Автор адабий тил терминдик түшүнүгүн аныктоодо изилдөөчүлөр арасында системалык принциптин негизинде мамиле кылуунун жоктугу, ошондой эле субъективдүү фактор, тактап айтканда, адабий тил проблемасы жаатында иш алып барган айрым көрүнүктүү окумуштуулардын аброй-бедели, пикири да интерпретациянын жана дефинициянын көп түрдүүлүгүнө алып келгенин көрсөтөт.

Академик С. Ж. Мусаев өз эмгегинде «адабий тил» боюнча таптакыр жаңы, оригиналдуу, мурда айтылбаган аныктама-түшүндүрмөнү сунуштаган деп деле айтууга болбойт. Буга чейин айтылып келген аныктамалардын, түшүндүрмөлөрдүн, көз караштардын ар түрдүүлүгүнүн, көп вектордуулугунун жалпы фонунда жапжаңы ойду айтуунун өзү да реалдуу эмес деп ойлойбуз. Мында окумуштуу орустун белгилүү тилчи-окумуштуусу, академик Б.А. Серебренниковдун жетекчилиги менен жазылган «Общее языкознание» (Москва, 1970) аттуу мыкты эмгекте айтылган «Под литературным языком понимается обработанная форма любого языка, независимо от того, получает ли она реализацию в устной или письменной разновидности» деген көз карашты [Серебренников 1970: 502] колдоого алуу менен, «…жалпы элдик «чийки» тил сөз чеберлери, сөз устаттары тарабынан эки формада: оозеки формада жана жазуу формасында иштетилери, кандай формада иштетилсе да, ал тил адабий тил болору» тууралуу көз карашы [Мусаев, 2022: 6] – өзөктүү көз караш, ошондой эле кыргыз адабий тили тууралуу ондогон жылдар өкүм сүрүп келген айрым көз караштардын натуралыгын көрсөтүүчү көз караш (бул жерде «иштетилген форма» деген түшүнүктү жалпы тилдик инвентардан тигил же бул сапаттык критерийлердин негизинде тилдик каражаттарды тандап алуу жана аны менен байланышкан регламентация катары кароо талапка ылайык). Анткени учурунда советтик идеологиянын маани-мазмунуна жана талаптарына ылайык, кыргыз адабий тили Октябрь революциясынан кийин гана, жазуу-сызуунун, басманын жаралышынын таасири менен пайда болгон жана өнүккөн деген пикир үстөмдүк кылып келгенин билебиз. Мындай пикир тил, адабият, тарых боюнча академиялык эмгектерде да, нормативдүү грамматикаларда да, монографиялык изилдөөлөрдө да, окуу китептери менен окуу куралдарында да кайталанып айтылып келгени талашсыз. Мындай пикирлердин орун алышында, окумуштуу белгилегендей, бир жагынан, «…жалпы эле адабий тил маселесинин генезисин, тарыхын терең түшүнбөгөндүк, Европа тилдеринин, орус тилинин…материалдарынын негизинде чыгарылган теорияларды, жоболорду кыргыз тилине механикалык түрдө колдоно салуу» [Мусаев, 2022: 22], экинчи жактан, адабий тил жазма формада гана болот жана болууга тийиш деген чектелген көз караш, үчүнчүдөн, айрым көрүнүктүү окумуштуулар бул маселенин ажытын аңдап-түшүнүп турса да, идеологиялык талап-көрсөтмөлөрдөн чочулашкандыгы өз ролун ойнобой койгон эмес. Бул тууралуу академик С. Ж. Мусаев да айтат: «Адабий тил деген түшүнүктү аныктоодо, айрым изилдөөчүлөрдүн ою боюнча, эң негизги критерий – бул жазма менен байланышта каралчу критерий. Бул багыттагы көзкараштагы изилдөөчүлөр өтө татаал маселени эң эле жөнөкөйлөштүрүп чечишет: эгерде тигил же бул тилде жазма болсо, ал адабий тил болот, эгерде жазмасы жок болсо, анда ал адабий тил боло албайт, башкача айтканда, адабий тилдин статусун жазмага байлашат» [Мусаев, 2022: 6]. Ушул багыттагы көз караш, пикирди карманышкан окумуштууларга В. В. Виноградов, Н. А. Мещерский, Ф. П. Филин, Л. А. Булаховский, Б. А. Ларин, А. И. Горшков ж. б. киргизет. Ал эми Л. В. Щерба баштаган В. Б. Томашевский, А. В. Исаченко, М. М. Гухман, Н. А. Семенюк ж. б. окумуштуулар жазуунун болушу адабий тилдин потеницалы менен колдонуу чөйрөсүн байытканы менен, анын (адабий тилдин) милдеттүү түрдөгү дифференциялык белгиси эместиги тууралуу пикирде болушканын белгилейт. Дал ушул пикирди колдоо менен, автор ар бир адабий тил тилдик татаал система катары ар бир доордун социолингвистикалык өзгөчөлүктөрүнө жараша объективдүү жана субъективдүү факторлор менен аныкталышы зарыл экенин көрсөтөт. Андыктан кыргыз адабий тилин улуттук доорго чейинки кыргыз оозеки адабий тили жана улуттук доордогу кыргыз адабий (оозеки жана жазма формадагы) тили деп бөлүштүрүүнү сунуш кылган. Окумуштуунун пикири боюнча, аталган эки доордогу кыргыз адабий

тили бир эле кыргыз жалпы элдик тилинин өнүгүш этаптары катары функционалдык жактан да, структуралык жактан да бири-биринен өнүгүүнүн ыңгайына жараша айырмаланышат, нормалаштыруу маселелери жана кодификациялоонун деңгээлдери жагынан да өзгөчөлүктөргө ээ. Бул бөлүштүрүүдөгү эң негизги маселе – кыргыз адабий тилинин тарыхын Октябрь революциясынан кийинки, тагырак айтканда, 1924-жылдын 7-ноябрынан же кыргыз тилиндеги туңгуч басылма «Эркин-Тоонун» алгачкы саны жарык көргөндөн кийинки гана мезгилге байлаган көз караш-пикирлерди четке кагуу, кыргыз адабий тили оозеки формада бир нече кылымдардан бери эле жашап келе жаткан объективдүү жана реалдуу көрүнүш экенин белгилөө. Буга байланыштуу, автор азыркы кыргыз адабий тилинин жаралышын, башатын элдик оозеки чыгармачылык, фольклор менен тыгыз байланышта карап, ал эми өнүгүшүн улуттук жазманын пайда болушу аркылуу иликтеп, түшүндүрүп берүү аракетин жасайт.

Адамзат коомунун өнүгүшүндө коомдук-экономикалык формациялардын эволюциясы ар түрдүү тилдердин да жаралышын, өнүгүүсүн, өзгөрүүлөрүн, өзгөчөлүктөрүн, социалдык маңызы менен функцияларын шарттаган. Алгачкы коомдо урук тилдери, алардан уруу тилдери, андан соң кул ээлөөчүлүк жана феодалдык-патриархалдык коомдук формацияларда уруу тилдери диалектилер, говорлор, койнэлер, жазма жана оозеки адабий тилдер, расмий иштиктүү тилдер, күндөлүк пикир алышуу тилдери, кол өнөрчүлөр же дыйкандар тилдери ж.б. тилдик подсистемаларга жиктелгени белгилүү. Капиталисттик формация улуттардын түзүлүшүн шарттагандыктан, бул учурда тилдер улуттук тилге айланган. Улуттук тилдин түзүлүшү менен буга чейин жашап келген аймактык, социалдык, этностук диалектилик өзгөчөлүктөр жок болуп кеткен деп айтууга болбойт, алар жашап жана колдонула берет. Тилдин өнүгүшү, өзгөрүшү, конвергенция жана дивергенция процесстерине учурашы коомдук өнүгүүнүн ар бир этабындагы социалдык-экономикалык, саясий, маданий кырдаал менен түздөн-түз байланышта экендиги тууралуу ой-пикирди окумуштуунун белгилеп өтүшү – буга чейин көп эле айтылып келе жаткан, постулатка айланган аныктаманы жөн гана кайталап коюу эмес, бул изилдөөнүн багытын көрсөтүүчү факторлордун бири.

Тарыхый жактан алсак, уруктук жана уруулук түзүлүштөр кандаштык бир тууугандыкка негизделип, ал эми кандаштык бир туугандык эне тарабынан гана аныкталган, матриархалдык принцип өкүм сүргөн. Адам баласынын эң алгачкы коомдук түзүлүштөрү тилдик жактан гомогендик болгону маалым. Бирок бардыгы үчүн бирдейлик, жалпылык, монолиттүүлүк мүнөзүнө ээ болгон урук жана уруу тилдери тууралуу так маалыматтарды берүү мүмкүн эместигин, ага негиз болуучу фактылар жок экендигин, божомол гана жүргүзүүгө болору белгиленет. Урук, уруу тилдери адамзат коомунун алгачкы этаптарында кандаш биртуугандардын, эненин тукумдарынын тили катары азыркы күндөгү тектеш тилдердин башаты болуп эсептелери айтылат [Мусаев, 2022: 28]. Ушул жерде бир суроо пайда болот: кыргыздардагы «эне тил» түшүнүгү дал ошол энелик же матриархалдык өзөккө негизделген доорлордон башат алган эмеспи?

Уруулук түзүлүштүн өнүгүшү, коомдук-социалдык, экономикалык ж. б. өзгөрүүлөр акырындап бирдиктүү тилде говордук, диалектилик өзгөчөлүктөрдүн пайда болушун, ал эми уруу союздарынын, бирикмелеринин түзүлүшү, таптык жиктелүү, айрым учурда аймактык-ареалдык жиктелүү башка уруулар менен, алардын тилдери менен ассимиляция жана диссимиляция процесстери жалпы уруулук тилде диалектилер менен говорлордун келип чыгышын шарттаганы талашсыз. Адамзат коомунун өнүгүүсүнүн улам кийинки баскычтарында тилдин гомогендүүлүгү азайып, гетерогендүүлүк белгилери басымдуу боло баштайт. Ф. Энгельстин адамзат коомунун

тарыхын класссификациялоосундагы цивилизация мезгилинде тилдик кырдаал «урук тили», «уруу тили», «диалект», «диалектилер аралык тил» «шаардык койнэ», «адабий тил», «оозеки адабий тил», «жазма адабий тил», «иштиктүү тил», «күнүмдүк сүйлөшүү тили», «диалектиден жогору турган (наддиалектилик) тил» ж.б. бир катар «тилдердин» орун алышы жана колдонулушу менен мүнөздөлөрү белгиленген.

Автор байыркы мифтер, элдик оозеки поэзиянын (айрым) түрлөрү, ырым-жырымдар жана ырым-жырым ырлары, алкыш же каргыш сыяктуу кеп үлгүлөрү тил гомогендик мүнөздө болгон уруулук коомдо жаралганын, булардын тили элдин күнүмдүк жашоо-тиричилигинде колдонулган тилден эч айырмаланбаганын көрсөтөт. «Элдик оозеки чыгармачылыктын тили – бул элдик тилдин оозеки иштетилген адабий наддиалектилик формасы» [Мусаев, 2022: 32]. Элдик оозеки чыгармачылыктын наддиалектилик мүнөзү анын ар түрдүү диалектиде сүйлөгөн аудиторияга багытталганы жана ушул жагдайга ылайык тилинин белгилүү деңгээлде иштетилип, ошол кырдаалга ылайыкташтырууга карата аракет жасалганы менен байланыштуу. Ошол эле учурда элдик оозеки чыгармачылыктын тили элдин күндөлүк турмуш-тиричилигинде колдонулган оозеки тилден эч айырмаланбайт.

Андан кийинки этапта жазма-сызма жок же ал анчалык өнүкпөгөн шартта диалектилер аралык койнэ жана элдик оозеки адабият наддиалектилик мүнөздөгү тил катары адабий тилдин оозеки формасынын жаралышынын, элди тилдик этнос катары бириктирүүнүн куралы катары милдет өтөй баштайт. Элдик оозеки адабият иштетилген тилдин алгачкы формасы катары каралуу менен, ал адабий тилдин (айрыкча, анын оозеки формасынын) жаралышына өбөлгө болот, ал эми жазманын пайда болушу адабий тилдин өнүгүшү, калыптанышында олуттуу роль ойнойт. Негизи, кайсы элде болбосун, адабий тилдин (оозеки формада) пайда болушу да, жазма-сызма жаралгандан кийинки өнүгүшү жана калыптанышы да, чечүүчү даражада, элдик оозеки адабият менен тыгыз байланыштуу болору тууралуу көз караш – объективдүү көз караш. Бул жаатта окумуштуунун: «…элдик оозеки адабияттын тили наддиалектилик мүнөздө болот, тилдик бардык формалар оозеки кептен жаралат, өнүгүп-өркүндөйт, өзгөрөт, калыптанат, ушунун натыйжасында структуралуулукка, туруктуулукка ээ болот, нормалашат,..алгачкы жазуу тексттери оозеки тилдин базасында жаралат…Жазма канчалык «жаш», «жаңы» болсо, элдик оозеки кеп ошончолук күчтүү өнүгөт, жанрдык ар түрдүүлүккө ээ болот» [Мусаев, 2022: 33] деген пикири кыргыз адабий тилинин эволюциясына толук туура келет.

Кийинки этапта уруулардын, уруу союздарынын тилдери, диалектилер жана алардын биримдиги тигил же бул этностун (жалпы) элдик тилинин жаралышына негиз болот. Андан соң улуттук тилдердин жаралуу, өнүгүү доору тууралуу айтууга болот. Ырас, автор көрсөткөндөй, кыргыз тили кыргыз уругунун, уруусунун, уруу бирикмелеринин тили катары пайда болгонун, өнүккөнүн, колдонулганын ырастаган тарыхый жазма булактар, эстеликтер жок. Байыркы орток түрк таш жазууларын, жазма эстеликтерин аталган маселеге жооп бере алчу лингвистикалык факт-материал катары карай албайбыз, анткени алар биздин доордун VI-VIII кылымдарына таандык деп эсептелет. Ал эми кыргыз уруусу, кыргыз эли тууралуу алгачкы маалыматтар б.з.ч. X кылымдарга таандык кытай булактарында орун алганы тууралуу айтылып келүүдө. Демек, кыргыз тили адегенде кыргыз уруусунун тили катары эң көөнө доорлордо пайда болуп, кыргыз уруусунун (элинин) коомдук шарттарына ылайык колдонулуп, улам кийинки өнүгүү этаптарынан өтүп келген деген божомолго кошулабыз. Бирок бир катар тарыхый, социалдык, экономикалык, маданий факторлорго байланыштуу, кыргыз уруулук тилинин, жалпы элдик тилинин, улуттук тилинин, оозеки, андан соң жазма

адабий тилинин, кыргыз улуттук адабий тилинин пайда болушуна, өнүгүшүнө, колдонулушуна байланышкан маселелерди жалаң гана европа тилдеринин, орус тилинин материалдарына негизделип иштелип чыккан лингвистикалык көз караштардын, жоболордун, жыйынтыктардын алкагында кароо алгылыктуу эместиги тууралуу көз караш объективдүү. Анткени европалыктар, славяндар (анын ичинде орустар) отурукташкан маданияттын өкүлдөрү катары тарыхый, маданий, тилдик өнүгүүнүн өз өзгөчөлүктөрүнө ээ болсо, кыргыздар көчмөн, жарым көчмөн маданияттын өкүлдөрү катары тарыхый-эволюциялык өнүгүүсүнүн өз өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон. Негизинен, көчмөн жана жарым көчмөн жашоо образы кыргыз уруулары менен уруу бирикмелеринин этностук курамы жактан да, мекендеген аймагы жактан да өзгөрмөлүү болушуна алып келген. Ал эми бул фактор кыргыз коомчулугундагы тилдик кырдаалга таасир тийгизгенин, биринчи кезекте, «башкаруучу чөйрөдө колдонулган наддиалектилик жазма тилдин жарала албагандыгын көрсөтөт» [39].

Жоокердик демократия шарттары, уруулар ортосундагы чабыштар менен шартталган тарыхый-социалдык жана экономикалык абалдын спецификасы, ар түрдүү уруулардын ассимиляциясы жана диссимиляциясы, этностук кырдаал, тарыхый дивергенция жана конвергенция процесстери ж. б. факторлор – орто кылымдарда кыргыздардын өзүнчө эл катары калыптанышынын негиздери. Уруу союздары, уруу биримдиктеринин түзүлүшү кыргыз урууларынын бир эл катары биригишине, калыптанышына негиз болгондугу танууга, жокко чыгарууга болбой турган факт экени айтылып келет. С.Ж. Мусаев кыргыздардын эл катары (улут катары эмес!) калыптанышы тууралуу айтканда, бери болгондо 3 миң жылдык тарыхтын алкагында сөз жүрүшү керектигин туура белгилеп, бул процессти маанилүү 4 окуя менен байланышта карайт: 1) б.з.ч. VI-V кылымдарда Европадан келген уруулардын Борбор Азиядагы, өзгөчө, Сибирдеги түрк уруулары менен аралашуусу; 2) б.з. X кылымына чейинки мезгилдерде кыргыздардын Борбордук Азиянын аймагында уруулук хандыктарды түзүп, майда урууларды «сиңирип» алган, башка уруулар менен ассимиляцияланган учурдагы окуялар; 3) кыргыздардын кара кытайлардан чабылып, Теңир-Тоого жылган бөлүгүнүн Орто Азия аймагында монголдорго баш ийген уруулар менен бир улуска кириши; 4) XIV кылымдардан тартып Енисей-Иртыш өрөөндөрүнөн ооп келген кыпчак уруулары менен аралашуусу [39-40]. IX кылымдын ортосунан кийинки доорлордогу бир катар орчундуу тарыхый окуялардын натыйжасында XV-XVI кылымдарда азыркы Кыргызстандын аймагын мекендеген кыргыздар биригип, өзүнчө эл катары калыптанган. Ушул контекстте академик С.Ж. Мусаев Енисей, Саян-Алтайдагы кыргыздар менен Теңир-Тоодогу кыргыздарды эки башка эл катары көрсөтүүгө аракет кылган жагдайларды четке кагып, кыргыздардын эки чөлкөмдөгү тарыхынын башы бир деп, бул эки чөлкөмдөгү кыргыздарды эки башка эл эмес, бир гана эл катары карайт. Болгону, бири Енисей, Саян-Алтайда калып, кийин аталыштары өзгөрүп кетти, экинчиси Теңир-Тоо тарапта өзүнчө эл болуп калыптанды деп, бул көз карашын Г. Ф. Миллер, Н. А. Аристов, А. Н. Бернштам сыяктуу көрүнүктүү тарыхчылардын пикирлери менен бекемдейт.

Автор кыргыз уруктарынын, урууларынын биригип, бир эл катары калыптанышынан өзүнчө улут катары калыптанышына чейинки мезгилди улуттук доорго чейинки мезгил деп караган. Мына ушул мезгилдеги тил фактору <u>жалпы элдик кыргыз тили</u> түшүнүгү менен байланыштуу. Улуттук доорго чейинки мезгилдеги жалпы элдик кыргыз тили өзүнүн табигый жолу, табигый нормасы менен өнүгүп, ага сырттан таасир этүү болбойт. Ал эми адабий тилге, өзгөчө, анын (улуттук доордогу) жазма формасына сырттан таасир, нормасына субъективдүү кийлигишүү күчтүү болуп,

нормалаштыруу, норманы кодификациялоо атайын маселеге айланары; жалпы элдик кыргыз тили менен кыргыз адабий тилинин айырмачылыгы ушунда экени көрсөтүлөт, болбосо экөө – бир эле тил, бирок өнүгүүнүн эки башка тепкичинде, эки башка таасирге дуушарланган тилдер экени белгиленет [Мусаев, 2022: 42]. Негизи, жалпы элдик кыргыз тилинин калыптанышы XV-XVI кылымдарга таандык, кыргыз адабий тилинин (атап айтканда, анын оозеки формасынын) жаралышы да ошол эле мезгилде – болжолдуу XV-XVI кылымдардан башталган деген пикир айтылат. Бул пикирди төмөнкү жагдай менен ырастоого алат: «…жалпы элдик кыргыз тилинин түзүлүшү жалпы элдик оозеки адабияттын өнүгүшүн камсыз кылат. Мурда өз уруусунда, уруу чегинде жаралган оозеки фольклордук чыгармалар акырындык менен жалпы элдик мүнөзгө ээ боло баштайт, элге тарайт,… акырындык менен ал чыгармалардын тили дагы, мазмуну дагы, көркөмдүгү дагы иштетиле берет, өркүндөтүлө берет. Жалпы элдик кыргыз тили мурдатан уруу-урууларда айтылып жүргөн оозеки фольклордук чыгармалардын өнүгүшүнө, айтылышына, жалпы элге тарашына таасир этсе, кайра ошол оозеки фольклордук чыгармалар жалпы элдик кыргыз тилинин иштетилишин, өркүндөтүлүшүн камсыз кылып, бул экөө бири-бирине эки жактуу таасир этет. Бул процесс улам өнүгүп, улам өркүндөп отуруп, кыргыз адабий тилинин оозеки формасынын жаралышын камсыз кылат… улуттук жазманын жаралышы мурдагы оозеки адабий тилибизди өнүгүүнүн гана кийинки этабына алып чыкты, анын табигый нормасын нормалаштырууга, норманы кодификациялоого гана мүмкүнчүлүк берди,…кыргыз адабий тилинин жазма формасынын жаралышын гана шарттады… Кыргыз улуттук адабий тилинин жазма формасы Октябрь революциясынан кийин улуттук жазманын жаралышы, өнүгүшү, профессионал адабияттын жаралышы жана өнүгүшү аркылуу эволюциялык жол менен жаралып өнүгүү жолуна түштү» [Мусаев, 2022: 42-43]. Муну схема түрүндө төмөнкүдөй көрсөтүүгө болот: **элдик оозеки же фольклордук чыгармалар ↔ жалпы элдик кыргыз тили → кыргыз оозеки адабий тили → кыргыз жазма адабий тили.**

Академик С. Ж. Мусаев дал ошол калыпка түшүп, эреже катары айтылып калган пикирди четке кагып, кыргыз адабий тилинин «жашын» жүздөгөн жылдарга ары жылдырып жатат. Кыргыз тили канчалаган доорлордон бери эле элдик оозеки чыгармалардын тили аркылуу тилдик каражаттарды тандоо-иргөө принцибинин негизинде иштетилген, өркүндөтүлгөн, объективдүү табигый нормага салынган, жалпы элдик негиздеги поливаленттик, полифункционалдуу, полисемантикалык мүнөздөгү оозеки адабий тил подсистемасына ээ болуп келгендигин ырастоого аракеттенет. Окумуштуунун мындай иликтөө-талдоолору «Кыргыз адабий тилинин жаралышы Октябрь революциясынан кийин гана, улуттук жазуу-сызуунун, басманын, профессионал адабияттын келип чыгышы менен байланыштуу болгон» деген көз караш-пикирлердин натууралыгын дагы бир ирет көрсөтүп жатат.

Жалпылап алганда, аталган эмгектеги адабий тил түшүнүгү жана кыргыз адабий тилинин табияты боюнча илимий-теориялык жана методологиялык мааниге ээ болгон өзөктүү көз караштар, идеялар катары төмөнкүлөрдү эсептей алабыз:

- Адабий тил –жалпы элдик тилдин иштетилген, өркүндөтүлгөн, туруктуу нормалаштырылган, нормасы кодификацияланган, стилдик жактан кеңири жиктелген, оозеки, жазуу формасы катар өнүккөн полифункционалдык, поливаленттик улуттук тил.
- Кыргыз адабий тили – оозеки формада бир нече кылымдардан бери эле жашап келе жаткан объективдүү жана реалдуу көрүнүш.
- Кыргыз тили эзелки доорлордон бери эле элдик оозеки чыгармалардын тили аркылуу тилдик каражаттарды тандоо-иргөө принцибинин негизинде иштетилген,

өркүндөтүлгөн, объективдүү табигый нормага салынган, жалпы элдик негиздеги поливаленттик, полифункционалдуу, полисемантикалык мүнөздөгү оозеки адабий тил подсистемасына ээ болуп келген.

Жыйынтыктасак, талдоого алынган эмгек кыргыз тил илиминде буга чейин тигил же бул аспектиде каралып келген проблеманын жаңыча өңүттөрдө изилдеп-талдоого алынышы, алардын негизинде жаңы көз караштардын, илимий бүтүмдөрдүн сунушталышы менен фундаменталдык мааниге ээ деп айтууга болот.

**Адабияттар:**

1. Абдыкеримова, А. Э. Тилдик норма түшүнүгү жана анын аныкталышы / А. Э. Абдыкеримова // Вестник Иссык-Кульского университета. – 2021. – № 49. –138-144 б. – EDN UKMCGS.
2. Мусаев, С. Ж. Кыргыз тил илиминин айрым маселелери [Текст] / С. Ж. Мусаев. - Бишкек, 2017.
3. Мусаев, С. Ж. Кыргыз адабий тили: улуттук доорго чейин жана улуттук доор мезгилинде [Текст] / С. Ж. Мусаев, Т. С. Мусаева. - Бишкек, 2020.
4. Мусаев, С. Ж. Кыргыз адабий тили: улуттук доорго чейин жана улуттук доордо [Текст] / С. Ж. Мусаев, Т. С. Мусаева. - Бишкек, 2022.
5. Серебренников, Б. А. Общее языкознание [Текст] / Б. А. Серебренников. - Москва, 1970.